| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ**<br>**ЫСЫК-КӨЛ РАЙОНУ**<br><br>**САДЫР АКЕ АЙЫЛ**<br>**АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК**<br>**КЕНЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**ИССЫК-КУЛЬСКИЙ РАЙОН**<br><br>**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**<br>**САДЫР АКЕ АЙЫЛНОГО**<br>**АЙМАКА** |

**Садыр аке айылдык Кеңешинин эл депутаттарынын XXVIII чакырылышынын кезектеги 11-сессиясы**

# ТОКТОМ

**20-декабрь 2022-жыл № 58** **Григорьевка а.**

**Садыр аке айыл аймагындагы А.С.Пушкин атындагы орто билим берүү мектебинин чатырына суу агуу системасыны түтүкчөлөрүнүн орнотуу жөнүндө**

Садыр аке айыл аймагындагы А.С.Пушкин атындагы орто билим берүү мектебинин чатырына суу агуу системасынын түтүкчөлөрүн орнотуу үчүн дем берүү гранттка 73 649 (жетимиш үч миң алты жүз кырк тогуз) сом акча каражаты талап кылынып жаткандыгын эске алып, айыл өкмөтүнүн каржы бөлүмүнүн башчысы Н. Сыдыкованын маалыматын угуп жана талкуулап Садыр аке айыл аймагынын айылдык Кеңеши төмөнкүдөй **токтом кылат:**

1. Жергиликтүү бюджеттин эсебинен А.С.Пушкин атындагы орто билим берүү мектебинин чатырына суу агуу системасынын түтүкчөлөрүн орнотуу боюнча долбоору ишке ашкан учурда өздүк салым катары мектеп бөлүмүнөн 31112390 “Башка имараттарды капиталдык оңдоо” беренесинен 73 649 (жетимиш үч миң алты жүз кырк тогуз) сом акча каражаты 2023-жылдын бюджетинин кварталына коюлсун.

2. Токтом массалык маалымат каражаттарына жарыялансын жана Мамлекеттик-укуктук актылар реестрине киргизүү үчүн Облустук юстиция башкармалыгына жиберилсин.

3. Бул токтомдун аткарылышы Садыр аке айыл өкмөтүнүн башчысы А.Орозалиевге жана ФЭБнүн башчысы Н. Сыдыковага тапшырылсын.

4. Токтомду көзөмөлгө алуу жагы «Бюджет, финансы, экономика, инвестиция тартуу жана орто чакан бизнести өнүктүрүү боюнча» туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Б. Чичканбаев**

*Жиберилди: Өкмөтү-1, Каржы бөлүму-2, Обл. Юст башк.-2.*

**Жергиликтүү депутаттардын XXVIII чакырылышынын Садыр аке айылдык Кеңешинин кезектеги IV сессиясынын**

**Ч Е Ч И М И 2**

**“20” 12 2022ж** **Григорьевка а.**

маселе А.С.Пушкин атындагы орто билим берүү мектебинин чатырына суу агуу системасынын түтүкчөлөрүн орнотуу жөнүндө

Сессиянын төрагасы: Чичканбаев Б

Катчысы: Медерова Мээрим

Катышты: 18 адам

Угулду:

- **Макеева М. -** айылдык кеңештин депутаты – бул абдан туура көтөрүлгөн маселе. Бул ишти 2023-жылдын Мамлекеттик дем берүүчү гранттан жалпы сметалык баасынын 80% сурап, жергиликтүү бюджеттен 20% киргизип аткарууга алынышы керек.
- **Омуров Э. -** айылдык кеңештин депутаты- мектебинин чатырына суу агуу системасынын түтүкчөлөрүн негизи жаңыртыла элек. суу агуу системасынын түтүкчөлөрүн сапаты кетип, ыңгайсыз абалга алып келип жатат. Бул маселе боюнча депутаттар талкууга алгандан кийин, айылдык Кеңештин сессиясы төмөндөгүдөй

**ЧЕЧИМ кылат:**

А.С.Пушкин атындагы орто билим берүү мектебинин чатырына суу агуу системасынын түтүкчөлөрүн орнотуу үчүн 2023-жылдын бюджетинен жалпы сметалык баасынын 20% каралып, калган 80% мамлекеттик дем берүү грантына проект жазып, өткөрүү иштерин айыл өкмөтүнө тапшырылсын.

**Айылдык кеңештин төрагасы** **Чичканбаев Б**

**Жооптуу катчы** **Медерова М.**